**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Isкhak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Isкhak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин биринчи уюштуруу сессиясы**

**29.11. 2024-жыл.** **ТОКТОМ №5** **Жениш айылы.**

**Элдик курултайга делегаттарды шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйынга делегаттарды көрсөтүү жана өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жөнүндө.**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Элдик Курултай жөнүндө”Мыйзамынын,КРнын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы №271 “Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” Жарлыгынын,КРнын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 61-беренесине ылайык, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Өкүлчүлүктүү жыйындын делегаттарынын Исхак-Полотхан айыл аймагы боюнча жалпы саны 150 адам деп белгиленсин.

2. Өкүлчүлүктүү жыйынды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы 1-тиркемеге ылайык 22 адам деп бекитилсин.

3. Өкүлчүлүктүү жыйынга делегаттарды шайлоо боюнча Исхак-Полотхан айыл аймагы 2-тиркемеге ылайык ченемдерге бөлүнсүн.

4. Өкүлчүлүктүү жыйынга делегаттарды шайлоо боюнча уюштуруу комитетинин календардык планында аныкталган мөөнөткө ылайык жарандардын жыйындарын жана чогулуштарын өткөрүү графиги жана алардан шайлануучу делегаттардын өкүлчүлүктүү нормалары 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

5. Өкүлчүлүктүү жыйындын делегаттарын шайлоо боюнча ар бир жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүүгө жооптуу Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин депуттарынын тизмеси 4-тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Исхак-Полотхан айыл өкмөтү өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучуларды шайлоо боюнча коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйындары жана чогулуштары өтө турган күн,убакыт жана жай жөнүндө массалык маалымат каражаттары,соцтармактарда жана башка булактар аркылуу жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн кабардар кылсын.

7. Жыйындар жана чогулуштар өтүүчү жайды аныктап, тиешелүү техникалык жабдыктар менен камсыздоо Исхак-Полотхан айыл өкмөтүно милдеттендирилсин.

8. Өкүлчүлүктүү жыйын 2024-жылдын 7-декабрында саат 11-00 дө Жеңиш айылындагы Маданият үйүндөгү жыйындар залында өткөрүлсүн.

9. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

Төрага Матажиев Г.К.